**2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Талас областынын Талас районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

**Отчет**

**Аудит объектилери**

Аудит объектилери болуп – Талас областынын Талас райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Талас финансы башкармалыгы, Талас районунун Өнүктүрүү фонду, Талас районунун өз алдынча башкаруу органдары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит (республикалык бюджеттеги мекемелер үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;
- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;
- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы оңдоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;

- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо;
- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-

жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга шайкеш келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Талас райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Талас финансы башкармалыгында, Талас районунун Өнүктүрүү фондунда, Талас районунун **13** өз алдынча башкаруу органдарында жана **6** муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудитти ишке ашыруу үчүн берилген маалыматтар үчүн документтерди берген аудит субъектилеринин кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

Талас областынын Талас районунда жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, аныкталган финансылык бузуулар бардыгы **-64 312,2** миң сом, анын ичинде:

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджет долбоорлорун түзүүдөгү жана кароодогу бузуулар – **1 372,3** миң сом, анын ичинде:

Бюджеттин долбоору менен бир эле убакта түзүлүүчү бюджеттин долбоорун жана документтерди түзүүдөгү бузуулар – **1 372,3** миң сом, анын ичинде:

**11010510** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши – 1 372,3 миң сом.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттерди аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер **- 20 065,3** миң сом, анын ичинде:

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы тиешелүү бюджеттерге бюджеттерине которулбаган каражаттар – **286,3** миң сом, анын ичинен:

**21030110** бюджетке мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү тескөөдөн, мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудан алынган каражаттарды, ошондой эле акы төлөнүүчү мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган кирешелерди которбоо (өз убагында же толук эмес которуу) – 196,4 миң сом;

**21030510** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) – 89,9 миң сом;

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттерди аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер **- 8 348,3** миң сом, анын ичинен:

**23010110** Бюджеттик смета менен каралбаган чыгымдарды төлөө боюнча бюджеттик каражаттарды пайдалануу – 8 348,3 миң сом;

Капиталдык салымдарга жана курулуш иштерин аткарууга бюдежттик каражаттарды пайдалануудагы бузуулар – **2 709,5** миң сом, анын ичинде:

**23020701** Капиталдык салымдарга каражаттарды пайдаланууда жана курулуш иштерин аткаруудагы жана башка бузуулар – 2 709,5 миң сом.

Милдеттенмелерди кабыл алуу жана тастыктоо жана бекитилген көрсөткүчтөрдөн ашыкча чыгымдоо (ченемден ашык жана тастыкталбаган чыгымдар - **453,2** миң сом, анын ичинде:

**23030310** Кызматкерлердин эмгегине төлөө жана акчалай түрдөгү жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык чыгымдар – 48,1 миң сом;

**230306** ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар– 405,1 миң сом;

Бюджеттик каражаттарды алуучулардын каражаттарды чыгымдоодо башка бузуулары – **8 268,0** миң сом, анын ичинде:

**23070410** Ашыкча төлөө жана белгиленбеген төлөмдөр – 8 268,0 миң сом;

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудагы бузуулар жана кемчиликтер- **2 626,3** миң сом, анын ичинен:

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү сактоонун камсыздалбашы– **712,0** миң сом, анын ичинде:

**31010410** Негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын эскиришин жана материалдык эмес активдерди эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте эсепке алынбаган, кириштелбеген мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн болушу – 32,2 миң сом;

**31010610** Тастыкоочу документтер жок туруп, мүлктү жана ТМБларды эсептен чыгаруу жана мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү мыйзамга ылайыксыз эсептен чыгаруу – 679,8 миң сом.

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудагы бузуулар – **1 914,3** миң сом, анын ичинде:

**31020710** Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү ижарага берүүдө ижара келишиминин шарттарынын сакталбашы - 1 914,3 миң сом.

Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулар – **507,9** миң сом, анын ичинде:

Бюджеттик отчетту түзүү эрежелерин бузуу - **387,9** миң сом.

**410202** Дебитордук карызды эсепке алуу боюнча бузуулар - 387,9 миң сом.

Мыйзам менен белгиленген мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жол-жобосун жана талаптарын бузуулар – **39 860,4** миң сом, анын ичинде:

**51010201** Мамлекеттик сатып алуулардын расмий порталына конкурсту өткөрүү жөнүндө кулактандырууну жайгаштыруу тартибинин сакталбашы – 2 404,0 миң сом;

**510104** Келишимдин аткарылышын кепилдик камсыздоосуз сатып алуулар – 584,9 миң сом;

**51011301** Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү жана башка бузуулар – 36 871,5 мин сом.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2019-2020-жылдарга Талас областынын Талас районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттик, атайын жана башка каражаттарынын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган:

- финансылык бузуулар **– 2 040,0 миң сомго;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары **1 330,0 миң сомго;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **1 619,9 миң сом;**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы Талас райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Өндүрүлүүгө тийиш болгон 310,9 миң сом суммасындагы финансылык бузуулар толук калыбына келтирилген.

**2021-жылга Талас районунун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү.**

Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү 2021-жылы 4 253,6 млн.сомду түзгөн, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 74,7% түзгөн.

Керектөө рыногунун көлөмү 1 324,6 млн.сомду түзгөн, бул өткөн жылдын отчеттук мезгилине салыштырганда 113,6% түзгөн, рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 2 121,2 млн. сомду түзгөн, 2020-жылга салыштырганда өсүү темпи 138,0% түзгөн.

Мал чарба продукциясын өндүрүү: эт – 6 794,0 тонна (101,9%), сүт – 23 267,0 тонна (102,0%), жүн – 482,9 тонна (101,1%), жумуртка-3 288,0 миң даана (99,0%).

Райондун негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп негизги каражаттарга 515,6 млн.сом өлчөмүндөгү инвестициялардын көлөмү саналат. Бул каражаттар негизинен чет өлкөлүк кредиттерден – 240,7 млн. сом, республикалык бюджеттен кошумча 55,7 млн. сом каржыланган. Жеке турак жай курулушуна калктын эсебинен 152,3 млн.сом; мекемелердин жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен – 40,2 млн. сом каржыланган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021- жылдын 4- февралындагы №34 "Айыл чарбасын каржылоо-9" долбоорун бекитүү жөнүндө" токтомунун негизинде, 2021 – жылда жалпы суммасы 86,9 млн.сомго жеңилдетилген насыялар берилген, анын ичинен: 87 дыйканга талаа иштерине-18,9 млн. сом, 180 фермерлерге мал чарбасын өнүктүрүүгө-66,6 млн. сом, кайра иштетүү тармагына-1,5 млн. сом.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 4 дем берүүчү (үлүштүк) гранттык долбоору боюнча 11 895,5 миң сом суммасында иштер 4 айыл өкмөтүнө аткарылган, мында, өздүк салымдардын көлөмү 2 221,6 миң сомду түзгөн.

## 2021-жылга бюджеттин аткарылышы

2021-жылга мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн аткаруу боюнча план тактоолор менен 238 071,7 миң сом суммасында бекитилген, кирешелердин иш жүзүндө аткарылышы 250 587,0 миң сом суммасында камсыздалган, же план 105,3% аткарылган.

Республикалык бюджеттин каражаттары (трансферттер) боюнча каржылоо планы 39 626,7 миң сом суммасына бекитилген, иш жүзүндө 48 333,6 миң сомго же жалпы киреше бөлүгүнүн 19,3% каржыланган, анын ичинен теңдөөчү грант – 39 624,9 миң сом жана максаттуу грант – 8 708,4 миң сом.

Салыктык кирешелер боюнча түшүүлөрдүн киреше бөлүгүнүн планы тактоолор менен 115 271,1 миң сом суммасында бекитилген, кирешелердин иш жүзүндө аткарылышы 137 619,7 миң сом суммасында камсыз кылынган же план 119,6% аткарылган.

Ошону менен бирге, салыктык эмес кирешелер боюнча түшүүлөрдүн болжолу 86,8% гана аткарылган, же 74 465,2 миң сом суммасында болжолдонгон түшүүлөрдө, түшүүлөр 64 633,8 миң сом суммасында камсыздалган, иш жүзүндөгү түшүүлөр болжолдонгон суммадан 9 831,4 миң сомго аз камсыздалган.

## 2022-жылга Талас районунун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү

2022-жылы район боюнча өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү 20 409,0 млн.сомду түзгөн, физикалык көлөмдүн индекси 137,7% түзгөн, бул мурдагы жылга салыштырмалуу 12 426,1 млн. сомго көп.

Керектөө рыногунун көлөмү 1 852,4 млн.сомду түзгөн, өткөн жылга салыштырмалуу өсүү 122,3% түзгөн, рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 4 906,1 млн. сомду, 2021-жылга салыштырганда өсүү темпи 117,7% түзгөн.

2022 – жылы мал чарба продукциясын өндүрүү: эт – 952,0 тонна (102,8%), сүт – 25 309,0 тонна (100%), жумуртка – 3 480,0 миң даана (102,2%), жүн-483,4 тонна (100,1%) тузгөн.

2022-жылы Талас районунун айыл өкмөттөрүндө ички, тышкы инвестициялардын жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жалпы суммасы 300,7 млн. сомго 163 долбоор ишке ашырылган.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин дем берүүчү гранттык долбоорлорунун эсебинен 5 айыл өкмөтүндө 5 долбоор боюнча жалпы суммасы 13 850,4 миң сомго иштер аткарылган.

Талас райондук Өнүктүрүү фонду тарабынан 120,8 млн.сомго 84 долбоор каржыланган, бул 2021-жылга салыштырмалуу 93,3млн. сомго көп.

**2022-жылга бюджеттин аткарылышы**

Мамлекеттик салык кызматынын Талас райондук башкармалыгынын маалыматы боюнча 2022-жылы мамлекеттик бюджетке 258 091,9 миң сом суммасында салыктык жана салыктык эмес төлөмдөрдүн түшүүсү бекитилген, өзгөртүүлөр менен 457 846,6 миң сом суммасында такталган, кирешелердин иш жүзүндө аткарылышы 501 739,7 миң сом суммасында камсыз кылынган, же аткарылышы 109,6% түзгөн, кирешелердин түшүүсү пландалгандан 43 893,1 миң сомго көп камсыз кылынган.

Республикалык бюджеттен (трансферттер) 22 030,0 миң сом суммасында түшүүлөр каралган, 55 911,4 миң сомго же бюджеттин киреше бөлүгүнүн жалпы суммасынан 11,1% каржыланган, анын ичинен теңдөөчү грант – 21 913,1 миң сом жана максаттуу грант – 33 998,3 миң сом.

Салыктык түшүүлөр тактоолор менен 186 017,6 миң сом суммасында каралган, салыктык кирешелердин иш жүзүндө аткарылышы 198 236,5 миң сом суммасында камсыздалган, же план 106,6% аткарылган, болжолдуу көрсөткүчтөрдөн 12 218,9 миң сомго көп түшкөн.

Салыктык эмес кирешелер боюнча пландык көрсөткүчтөр, такталган планда 199 317,1 миң сом, иш жүзүндө 225 785,5 миң сомго камсыздалган, же план 113,3% аткарылган.

Ошону менен бирге, салыктык эмес кирешелердин айрым түрлөрү боюнча план аткарылган эмес, анын ичинде:

- жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн акы төлөө боюнча түшүүлөр планы 6 755,9 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө 6 372,7 миң сом түшкөн, план 94,3% аткарылган, же 383,2 миң сомго аз түшкөн;
- ата-энелердин төгүмдөрү (мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөн) 12 784,8 миң сом суммасында такталган пландык божомолдордо, иш жүзүндө түшүүлөр 11 475,6 миң сом суммасында камсыздалган, план 89,8% аткарылган, же пландалгандан 1 309,2 миң сомго аз түшкөн.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын иши, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Талас райондук мамлекеттик администрациясы**

2021-жылга чыгымдардын сметасы тактоолор менен 7 898,2 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгашалар 7 323,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 7 307,3 миң сомду түзгөн.

2022-жылга чыгымдардын сметасы тактоолор менен 12 447,3 миң сом өлчөмүндө бекитилген, кассалык чыгашалар 11 011,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 10 767,5 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, администрациянын кызматкерлеринен **4,2** миң сом суммасына социалдык төлөмдөр кармалган эмес.

**Сунуштама:**

**4,2** миң сом суммасында мурда кармалбай калган социалдык төлөмдөр аудиттин жүрүшүндө кармалып, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетине которулгандыгы эске алынсын. Мындан ары, социалдык төлөмдөрдү которуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Нускамага ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кенешов Ш.

**Айдаралиев айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 8 396,1 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-650,5 миң сом), тактоолор менен 9 318,2 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 9 720,7 миң сомду түзгөн, план 104,3% аткарылган, же пландалгандан 402,5 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-1 774,2 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 745,6 миң сомго бекитилген, тактоолор менен 10 443,4 миң сом өлчөмүндө такталган, кассалык чыгаша 9 996,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 9 143,3 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 7 239,7 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-660,0 миң сом), толуктоолор менен 15 990,6 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 16 903,6 миң сомду түзгөн, план 105,7% аткарылган, же пландалгандан 913,0 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-1 175,9 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 6 579,7 миң сомго бекитилген, толуктоолор менен 16 503,6 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 10 491,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 10 491,1 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 3 кызматкер кабыл алынган, аларга негизсиз **1 316,9** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 193,8 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алуу, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесине так ылайык жүргүзүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бузуу менен, 2021-жылы иш кагаздарын жүргүзүү боюнча эки кызматкерге айыл өкмөтүнүн штаттык ыраттамасында каралбаган архивариустун функциясын аткаргандыгы үчүн 15% үстөк төлөнүп берилген. Жалпысынан негизсиз төлөмдөрдүн суммасы 48,1 миң сомду түзгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 7,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн шаттык ырааттамасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санына так шайкеш келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков

**Арал айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 15 892,2 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептик каражат-495,0 миң сом), толуктоолор менен 10 356,3 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 9 653,8 миң сомду түзгөн, план 93,2% аткарылган, же пландалгандан 702,5 миң сомго аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-2 892,0 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 15 397,2 миң сомго бекитилген, толуктоолор менен 12 906,3 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 11 621,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 7 911,1 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 11 777,3 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептик каражат-540,0 миң сом), толуктоолор менен 15 736,8 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 18 029,4 миң сомду түзгөн, план 114,6% аткарылган, же пландалгандан 2 292,6 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-699,6 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 11 237,3 миң сомго бекитилген, толуктоолор менен 15 896,4 миң сом өлчөмүндө такталган, кассалык чыгаша 13 391,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 10 208,5 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 102-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, 2021-жылга юридикалык жактар тарабынан айыл чарба жерлерин пайдалангандыгы үчүн жер салыгынан түшүүлөрдүн планы негизсиз **102,5** миң сомго төмөндөтүлгөн. Алсак, салык төлөөчү – юридикалык жактардын тизмеси боюнча бюджетке төгүлүүгө тийиш болгон жер салыгынын суммасы 424,9 миң сомду түзөт, ал эми юридикалык жактардан жер салыгынын түшүүлөр планы 322,4 миң сом суммасында бекитилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте подрядчы "Болот-Уста" ЖЧКсы тарабынан "Арал айылындагы М.Сейталиев атындагы орто мектептин капиталдык ремонту" объектиси боюнча жумуштардын наркынын **36,2** миң сомго жогорулагандыгы аныкталган. Мындан тышкары, келишимдин шарттарына ылайык, ишти өз убагында аткарбагандыгы үчүн 20,5 миң сом өлчөмүндө туум эсептелген.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган подрядчы "Болот-Уста" ЖЧК тарабынан "Арал айылындагы М.Сейталиев атындагы орто мектептин капиталдык ремонту" объектиси боюнча 36,2 сомго миң жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн. Келишимдин шарттарына ылайык жумуштарды өз убагында аткарбагандыгы үчүн эсептелген 20,5 миң сом өлчөмүндө туум өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор А. Омурсаков жана А. Мусуралиев.

**Бекмолдо айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү активдер жана милдеттенмелер менен 59 503,9 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-360,0 миң сом), 117 934,4 миң сомго такталган, иш жүзүндө аткаруу 129 232,9 миң сом суммасында камсыздалган, же план 109,6% аткарылган. Пландалгандан 11 298,5 миң сомго көп киреше түшкөн. Жыл башына карата акча каражаттарынын калдыгы - 151 333,5 миң сом.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын эсептин каражаттарын эсепке алуу менен 59 143,9 миң сомго бекитилген, 182 911,9 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 80 930,2 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 25 074,9 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү активдер жана милдеттенмелер менен 152 539,2 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-648,0 миң сом), 297 793,3

миң сомго такталган, иш жүзүндө аткарылышы 327 600,5 миң сомду түзгөн, же план 111,1% аткарылган. Пландалгандан 32 664,4 миң сомго көп киреше түштү. Жыл башына карата акча каражаттарынын калдыгы-197 327,9 миң сом.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын эсептин каражаттарын эсепке алуу менен 151 891,2 миң сомго бекитилген, 341 319,7 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 56 025,4 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 25 241,9 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин "бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин", деп белгиленген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, бюджетке айылдык кенештин токтомдору менен өзгөртүүлөр киргизилген: 2021-жылы- 35 жолу, 2022-жылы – 28 жолу.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы К.Каныбеков менен Сасык-Булак айылынын тургуну М. Чурмуковдун ортосунда айыл чарба техникасын ижарага алуу үчүн 2019-жылдын 6-майында №25 келишим түзүлгөн. Келишимге ылайык, 2021-жылга ижара акысы 500,0 миң сомду түзөт. Мында, 2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгүнүн план-болжолунда мүлктү ижарага берүү бөлүгүндө кирешелер каралган эмес, демек, бюджеттин киреше бөлүгү негизсиз **500,0** миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, аудит мезгилинде бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган кызматкерлер кабыл алынган, анын ичинде: 2021-жылы- 6 кызматкер, 2022-жылы-8 кызматкер, аларга: 2021-жылы- 343,7 мин сом суммасына эмгек акы толөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго которуулар50,6 миң сом, 2022-жылы 432,3 мин сомго, анын ичинде Социалдык фондго которуулар 63,6 миң сом, бардыгы аудит мезгилинде **776,0** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 114,2 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Бекмолдо айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлеринин сапаттык курамына аудит жүргүзүүдө, кирешелер боюнча башкы адис Ж.Асырановдун, иш кагаздарын жүргүзүү боюнча жетектөөчү адис Т. Нуралиеванын жана аскердик эсепке алуу столунун инспектору Ч. Нусубалиевдин билими Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесинин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн административдик кызмат орундарын ээлөө үчүн көрсөтүлгөн квалификациялык талаптарга жооп бербегендиги аныкталган.

Ошентип, Ж. Асырановго 2021 – жылы – 407,2 миң сом, 2022 – жылы – 512,5 миң сом; Т. Нуралиевага 2021 – жылы – 288,8 миң сом, 2022-жылы-332,3 миң сом; Ч. Нусубалиевге

2021-жылы-243,4 миң сом, 2022-жылы-324,0 миң сом эмгек акы негизсиз төлөнгөн. Бардыгы, аудит мезгилинде эмгек акыны негизсиз төлөө **2 108,2** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн аппаратынын штаты Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесинин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн административдик кызмат орундарын ээлөө үчүн билим деңгээлинин квалификациялык талаптарына шайкеш келтирилсин.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасыныны Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө" токтомунда Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы райондорунда **жашаган жана иштеген** адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү каралган.

Айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы К.Каныбеков жана киреше боюнча башкы адис Ж. Асыранов Талас районунун Кара-Ой айылында жашашат, аларга жогорудагы токтомдун негизинде 1,10 коэффициент белгиленген. Ошону менен бирге, алардын иштеген жери бийик тоолуу жана алыскы зоналарга кирбеген Сасык-Булак айылында жайгашкан. Буга карабастан, К.Каныбековго 2021 – жылдын январынан июлуна чейин кызматтык маянасына 20,7 миң сом өлчөмүндө, Ж. Асырановго 2021-жылы - 95,2 миң сом, 2022-жылы - 104,4 миң сом үстөк акы негизсиз төлөнгөн. Жалпысынан, негизсиз төлөмдөр **220,3** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасыныны Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө" токтомун бузуу менен Кызматтык маянага негизсиз үстөктөрдү төлөө практикасы токтотулсун.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлерине жол кире жана тамак-аш үчүн кошумча компенсациялар эсептелген, мында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесин бузуу менен, **36,5** миң сом киреше салыгы эсептелген эмес жана кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлеринен өз убагында кармалбаган 36,5 миң сом суммасындагы киреше салыгы өндүрүлсүн жана тиешелүү бюджетке которулсун. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесинин талаптарын так сактоо камсыз кылынсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, кирешелер боюнча башкы адис Ж.Асырановдон **8,9** миң сом киреше салыгы жана **14,8** миң сом 10% социалдык төлөмдөр кармалган эмес. Ошондой эле, Социалдык фондго (17,25%) **25,5** миң сом которуу жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Ж.Асырановдон өз убагында кармалбаган 8,9 миң сом суммасындагы киреше салыгы, жалпы суммасы 40,3 миң сом социалдык төлөмдөр (10%) жана Социалдык фондго чегерүүлөр (17,25%) өндүрүлгөндүгү жана тиешелүү бюджеттерге которулгандыгы эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так сакталсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, эмгек келишимдеринин негизинде 58 штаттык бирдик киргизилген, аларга Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2017-жылдын 21-декабрындагы № 161-п буйругун бузуу менен, эмгек акы 706-бөлүмдүн эсебинен төлөнүүгө тийиш болсо, 701-бөлүмдүн эсебинен төлөнгөн (бухгалтердик эсеп боюнча 706-бөлүм ачылган эмес). Ошентип, **4 196,4** миң сом суммасындагы акча каражаты максатсыз чыгымдалган, анын ичинде Соцфондго которуулар 617,4 миң сом, анын ичинен 2021-жылы-26 штаттан ашыкча бирдиктерге 1 720,4 миң сом төлөнгөн (Соцфондго которуулар 253,1 миң сомду түзгөн); 2022-жылы 32 штаттан ашыкча бирдиктерге 2 476,0 миң сом төлөнгөн (Соцфондго котруулар 364,3 миң сомду түзгөн).

**Сунуштама:**

Штаттык ыраттама Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомунун талаптарына так ылайык келтирилсин. Мындан ары, акча каражаттарын максатсыз чыгымдоо практикасы токтотулсун. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу" буйругунун талаптары так сакталсын.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2017-жылдын 21-декабрындагы № 161-п "Бюджеттик классификацияны бекитүү жөнүндө" буйругун бузуу менен, бюджеттик каражаттар максатсыз пайдаланылган. Алсак, 710 – бөлүмгө 2721 "Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул" жана 2215 "Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу" беренелерине каралган каражаттар спорттук мелдештерге, машыгуу жыйындарына, майрамдарды өткөрүү боюнча иш- чараларга, музыкалык аспаптарды сатып алууга ж.б. чыгымдалган. Ошентип, аудит мезгилинде бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу **4 099,5** миң сомду түзгөн, анын ичинде: 2021-жылы-769,5 миң сом, 2022-жылы-3 330,0 миң сом. Мында, мелдештерге жана машыгуу жыйындарына катышуу жөнүндө айрым протоколдор, кээ бир командировкалык күбөлүктөр, аванстык отчеттор ж. б. жок.

**Сунуштама:**

Мындан ары, акча каражаттарын максатсыз пайдалануу практикасы токтотулсун. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу" буйругунун талаптары так сакталсын.

**10. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, 2022-жылдын аягына карата эмгек акы боюнча **11,5** миң сом суммасында жашырылган дебитордук карыз аныкталган. Аудиттин жүрүшүндө 11,5 миң сомдон тиешелүү кызматкерлердин эсебинен 2,7 миң сом накталай калыбына келтирилип, 8,8 миң сом 2024-жылдын январь айындагы кызматкерлердин эмгек акысынан кармалган.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө эмгек акы боюнча 11,5 миң сом суммасындагы жашырылган дебитордук карыз толугу менен тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлгөндүгү эске алынсын.

**11. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, 2023-жылдын 1-январына карата жалпы суммасы **343,7** миң сомго эсеп боюнча жашырылган дебитордук карыздар аныкталган, алардын ичинен: “Партнер Нефть” ЖЧКсы КММ үчүн 146,3 миң сом, ЖИ М. Жусупбекова тамак аш азыктары үчүн 197,4 миң сом.

**Сунуштама:**

Жалпы суммасы 343,7 миң сом жашырылган дебитордук карыз аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так сакталсын.

**12. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, тастыктоочу документтерсиз **84,1** миң сом суммасындагы акча каражатын негизсиз эсептен чыгаруу аныкталган, анын ичинде:

- 30,0 миң сом, жайыт комитетине малчылардын слётун өткөрүүгө 2021-жылдын 13-августунда которулган;
- 20,0 миң сом, 2021-жылдын 19-октябрында жеке ишкер К. Табалдиевге археологиялык чалгындоо үчүн которулган;
- 34,1 миң сом, Ч.Исраиловдун элесине арналган турнирди өткөрүүгө жеке ишкер К. Ташматовго которулган (бардыгы 45,0 миң сом которулган, анын ичинен 10,9 миң сомго тастыктоочу документтер берилген).

**Сунуштама:**

Тастыктоочу документтерсиз негизсиз эсептен чыгарылган 84,1 миң сом (жайыт комитетине, жеке ишкерлер К.Табалдиевге жана К. Ташматовго которулган акча каражаттары) күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так сакталсын.

**13. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, аудит мезгилинде жалпы суммасы **80,7** миң сомго командировкалык чыгымдар тастыктоочу авансытык отчетторсуз эсептен чыгарылган (2021-жылы 61,9 миң сомго; 2022-жылы 18,8 миң сомго).

**Сунуштама:**

Тастыктоочу документтерсиз жалпы суммасы 80,7 миң сомго негизсиз эсептен чыгарылган командировкалык чыгымдарды күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так сакталсын.

**14. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, алгачкы жана тастыктоочу документтерсиз **499,5** миң сомго КММ негизсиз эсептен

чыгарылгандыгы аныкталган. Анын ичинен: 2021-жылы 261,5 миң сомго; 2022-жылы 238,0 миң сомго.

**Сунуштама:**

Алгачкы жана тастыктоочу документтерсиз 499,5 миң сомго негизсиз эсептен чыгарылган КММ, күнөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так сакталсын.

**15. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, "Ж.Молдосан" балдар бакчасында 2023-жылдын 1-январына карата негизсиз эсептен чыгарылган **15,5** миң сом өлчөмүндөгү азык-түлүк товарларынын калдыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Негизсиз эсептен чыгарылган 15,5 миң сом аудиттин жүрүшүндө эсеп боюнча калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так сакталсын.

**16. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча **32,2** миң сом суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын ашык чыгуусу аныкталган.

**Сунуштама:**

Негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча аныкталган 32,2 миң сом суммасында ашык чыккан товардык-материалдык баалуулуктар кириштелгендиги эске алынсын. Мындан ары, негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так сакталсын.

**17. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2017-жылдын 21-декабрындагы № 161-п “Бюджеттик классификацияны бекитүү жөнүндө” буйругун бузуу менен, 2022-жылы 2218 "Тамак-аш азыктарын сатып алуу" беренесине 925,9 миң сом которулган, мында, коштомо кагаздардын негизинде 736,1 миң сомго тамак-аш азыктары жана **52,4** миң сомго чарбалык товарлар сатылып алынган, башкача айтканда, максатсыз пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, акча каражаттарын максатсыз пайдалануу практикасы токтотулсун. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу” буйругунун талаптары так сакталсын.

**18. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен,”Нур Телеком” ЖЧКсынан жайыт жерлерине антенна орноткондугу үчүн алынган ижара акынын 1/3 бөлүгү **24,0** миң сом өлчөмүндө жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарына ылайык,

жайыт жерлерине орнотулган антенна үчүн "Нур Телеком" ЖЧКсынан алынган ижара акысынын жергиликтүү бюджетке которулбаган 24,0 миң сом өлчөмүндө 1/3 бөлүгү жайыт комитетинен өндүрүлсүн.

**19. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, аткарылган жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган:

- подрядчы “Ишеним-Стройсервис” ЖЧКсы тарабынан “Кара-Ой айылындагы спорттук комплексин жыйындар залы менен куруу” объекти боюнча **1 419,7** миң сомго;
- подрядчы “Атантай” СФ ЖЧКсы тарабынан “Таш-Дөбө каналынын бөлүгүн ондоо” объекти боюнча **159,2** миң сомго;
- подрядчы “Байнур-Строй” ЖЧКсы тарабынан “Хан-Бүргө айылындагы мектептин терезе блокторун алмагтыруу” объектиси боюнча **6,8** миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- подрядчы “Ишеним-Стройсервис” ЖЧКсы тарабынан “Кара-Ой айылындагы спорттук комплексин жыйындар залы менен куруу” объекти боюнча **1 419,7** миң сом;
- подрядчы “Атантай” СФ ЖЧКсы тарабынан “Таш-Дөбө каналынын бөлүгүн ондоо” объекти боюнча **159,2** миң сом;
- подрядчы “Байнур-Строй” ЖЧКсы тарабынан “Хан-Бүргө айылындагы мектептин терезе блокторун алмагтыруу” объектиси боюнча **6,8** миң сом.

**20. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы К.Каныбеков менен Сасык-Булак айылынын тургуну М. Чурмуковдун ортосунда, 2 эгин оруучу жана 4 чөп чабуучу комбайнды ижарага алуу боюнча 2019-жылдын 6-майында №25 келишим түзүлгөн. Келишимдин шарттары боюнча ижарачыдан 2 эгин оруучу комбайнды пайдалангандыгы үчүн, жыл сайын, 2021-жылдын 10-ноябрына чейин айыл өкмөтүнө 100,0 миң сом төлөп турат (3.1.2-пункт.), 4 чөп чабуучу комбайнды пайдалангандыгы үчүн жылына 400,0 миң сом (3.1.3-пункт.), бардыгы жылына 500,0 миң сом.

Ошону менен бирге, келишимде каралган 500,0 миң сомдун ичинен айыл өкмөтүнө 250,0 миң сом түшкөн, 250,0 миң сом ижарачы тарабынан төлөнгөн эмес. Аудиттин жүрүшүндө М.Чурмуковдон 2024-жылдын 10-февралына чейин калган **250,0** миң сом айыл чарба техникасынын ижара акысын төлөөгө кепилдик каты алынган.

**Сунуштама:**

Ижарачы М.Чурмуковдон айыл чарба техникасынын ижарасы үчүн өндүрүлбөгөн 250,0 миң сом өлчөмүндөгү карыз өндүрүлсүн.

**21. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы К.Каныбеков менен Сасык-Булак айылынын тургуну М. Чурмуковдун ортосунда 2019-жылдын 6-майында №25, 6 комбайнды ижарага алуу келишими түзүлгөн. Келишимдин мөөнөтү 2019-жылдын 6-майынан тартып 2021-жылдын 10-ноябрына чейин белгиленген. Келишимде ижарачы келишимдин мөөнөтү бүткөндөн кийин ижарага алынган техниканы Бекмолдо айыл өкмөтүнө "актынын негизинде оң абалда" (2.2.4-пункт) жана "мүлк атайылап же кокустан бузулган учурда, Ижарачы өз эсебинен оңдоо жүргүзүүгө милдеттенет" (2.2.5-пункт), деп каралган.

Айыл өкмөтүнүн 2021-жылдын 6-октябрындагы №250-р буйругу менен, Бекмолдо айыл өкмөтү тарабынан түзүлгөн "Калыс МТС" муниципалдык ишканасына айыл өкмөтүнүн балансында турган техниканы өткөрүп берүү боюнча 7 адамдан турган комиссиянын курамы бекитилген. Бирок, жогорудагы келишимди бузуу менен, комиссия тарабынан М.Чурмуковго ижарага берилген техника бузук абалда кабыл алынган. Комиссия тарабынан ижарачыдан комбайндарды кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы түзүлгөн эмес. 2021-жылдын 4-ноябрында техникаларды алууда, толук кандуу иштөө үчүн жараксыз агрегаттардын тизмеси түзүлгөн, ошондой эле, запастык бөлүктөрдү алмаштыруу жөнүндө акт түзүлгөн

жана кол коюлган. Натыйжада, 2022-жылы бузук агрегаттардын ордуна айыл өкмөтү **1 664,3** миң сомго запастык бөлүктөрдү сатып алган.

**Сунуштама:**

Эгин жыйноочу жана чөп чабуучу комбайндардын ижарачысы М.Чурмуковдон бузук абалда кабыл алган, буга байланыштуу айыл өкмөтү запастык бөлүктөрдү сатып алууга 1 664,3 миң сом чыгым тарткан, Айыл өкмөтүнүн 2021-жылдын 6-октябрындагы №250-р буйругу менен түзүлгөн техникаларды өткөрүп берүү боюнча комиссия мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги каралсын.

**22. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте 2021-2022-жылдары Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө төмөнкүдөй дал келбестиктер аныкталды:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун “жабдып берүүчү тарабынан авансык төлөм суммасына кепилдик берүү шартында, авансык төлөмдөрдүн суммасы (алдын-ала төлөө) келишимдин жалпы суммасынын 10 пайызынан ашпоого тийиш”, деп белгиленген 312 пунктун  бузуу менен, айыл өкмөтү тарабынан жалпы суммасы **33 155,7** миң сом алдын ала төлөнгөн, анын ичинен 2021 – жылы – 27 399,3 миң сом; 2022-жылы-5 756,4 миң сом.

- Келишимдин өзгөчө шарттары боюнча, веб-порталда келишимдин аткарылышынын кепилдик камсыздоосу келишимдин суммасынан 2% түзөөрү көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда, "Ишим-Стройсервис" ЖЧКсы тарабынан **584,9** миң сом суммасында келишимдин аткарылышына кепилдик камсыздоо берилген эмес, ошондой эле, банктык кепилдик жок.

- Веб-порталдын "Келишимдин өзгөчө шарттары" бөлүмүндө товарларды жеткирүүнүн же жумуштарды аткаруунун кечиктирилген ар бир күнү үчүн 0,01% айып пул көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге айыл өкмөтү 2021-2022-жылдары подрядчылар келишимдерде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдү бузганда 2 555,8 миң сом, анын ичинен 2021-жылы 2 478,2 миң сомго; 2022-жылы 77,6 миң сомго айыптык төлөмдөр эсептелген эмес.

- Айыл өкмөтүнүн финансы бөлүмүнүн башчысынын түшүндүрмө катынан жана "Блейк-Трейд" ЖЧКсынын 2024-жылдын 26-январындагы №93 катынан көрүнүп тургандай, жеткирүүчү тарабынан келишимдин шарттарында каралган 4 ноутбуктун, 4 проектордун жана 8 педагогикалык материалдын ордуна жалпы суммасы **1 160,0** миң сомго «Activ Panel Titanium 75» моделинин 4 интерактивдүү панели берилген. Бирок, веб-порталда көрсөтүлгөн товарларды алмаштыруу боюнча конкурстук комиссиянын чечими же келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн кошумча макулдашуу жок, бул Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы №85-б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик сатып алууларды электрондук жүргүзүү тартибинин 283 жана 284-пункттарына шайкеш келбейт.

- Аудит мезгилинде Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн, конкурстук документтерди электрондук веб-порталга жайгаштырбастан, мамлекеттик сатып алуулар порталында келишимди каттоо аркылуу гана жалпы суммасы **2 404,0** миң сомго товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган, анын ичинен 2021- жылы - 625,9 миң сом; 2022-жылы-1 778,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, мыйзам бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы № 85-п буйругу менен бекитилген Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн тартибинин, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана

финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун жана түзүлгөн келишимдердин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор К. Абдыманапов, М. Нуранов жана А. Мусуралиев

**Бердике баатыр айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 8 350,5 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-621,0 миң сом), толуктоолор менен 8 370,9 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 8 481,3 миң сомду түзгөн, план 101,3% аткарылган, же пландалгандан 110,4 миң сом суммасына көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-1 681,3 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 8350,5 миң сомго бекитилген, толуктоолор менен 9 811,1 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 8 688,9 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 8 523,5 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 6 461,8 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-621,0 миң сом), толуктоолор менен 9 661,0 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү түшүүлөр 9 850,5 миң сом суммасында камсыздалган, план 102,0% аткарылган, же 189,5 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-1 348,7 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 6461,8 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 10 388,6 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 8 179,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 8 700,6 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-жылы АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдери 125,0 миң сомго түзүлгөн, ижарачылардын карызы жыл башында 43,0 миң сомду түзгөн, мында, 2021-жылга ижарачылардан түшүүлөрдүн план-болжолу 105,0 миң сом суммасында бекитилген, же бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 63,0 миң сомго азайтуу менен түзүлгөн жана бекитилген.

2022-жылы АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдери 251,5 миң сомго түзүлгөн, ижарачылардын карызы жыл башында 11,5 миң сомду түзгөн, мында, ижарачылардан түшүүлөрдүн 2022-жылга план-болжолу 135,0 миң сом суммасында бекитилген, же бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 128,0 миң сомго азайтуу менен түзүлгөн жана бекитилген.

Аудиттин бардык мезгилинде бюджеттин киреше бөлүгүн төмөндөтүүнүн жалпы суммасы **191,0** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 6 кызматкер кабыл алынган, аларга негизсиз **1 731,0** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 254,6 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча

эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына карата **51,2** миң сом суммасына көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Т.Исанов

**Долоно айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 8 281,5 миң сомго бекитлген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар- 1200,0 миң сом), толуктоолор менен 9 044,6 миң сом өлчөмүндө такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 8 971,9 миң сомду түзгөн, план 99,2% аткарылган, же пландалгандан 72,7 миң сом аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-1 533,9 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 081,5 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 8 882,5 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 8 310,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 8 065,8 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 7 950,2 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-1200,0 миң сом), толуктоолор менен 10 773,5 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндөгү түшүүлөр 10 848,7 миң сом өлчөмүндө камсыздалган, план 100,7% аткарылган, же пландалгандан 75,2 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-1 405,1 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 6 750,2 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 10 978,2 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 9 950,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 10037,1 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга негизсиз **381,7** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 56,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Абдыманапов

**"Долоно Сервис" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Долоно айыл өкмөтү)

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Долоно айылдык кеңешинин "Долоно Сервис "муниципалдык ишканасын жоюу жөнүндө 2022-жылдын 15-мартындагы №9 токтомуна ылайык, муниципалдык ишкананы жоюу процесси жүрүп жатат. 2022-жылдын июлунда автокырсыктан ишкананын башкы бухгалтери каза болгондугуна байланыштуу, кызмат орду бош калган. Ошентип, кирешелер, кассалык жана банктык операциялар боюнча чыгашалар, эмгек акы жана башка төлөмдөр, иш сапар чыгымдары, дебитордук жана кредитордук карыздар, жылдык баланс, финансылык отчеттуулук ж.б. жөнүндө маалыматтар аудитке берилген эмес.

Жоюу балансы түзүлгөн эмес жана тиешелүү кызматтарга, салык органдарына, Социалдык фондго берилген эмес. Юстиция башкармалыгында "Долоно Сервис" муниципалдык ишканасынын жоюлушуна байланыштуу жабуу иштери жүргүзүлгөн эмес, мөөр, штамп тиешелүү органдарга өткөрүлүп берилген эмес.

Айылдык Кеңештин жогоруда аталган токтомуна ылайык, ишкананын негизги каражаттарын Долоно айыл өкмөтүнө өткөрүп берүү боюнча комиссия түзүлгөн. Бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, аудит учуруна, айыл өкмөтүнүн жетекчилигинин күнөөсү боюнча, ишкананын негизги каражаттары айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлүп берилген эмес.

**Сунуштама:**

Долоно айылдык кеңешинин "Долоно Сервис "муниципалдык ишканасын жоюу жөнүндө 2022-жылдын 15-мартындагы №9 токтомуна ылайык, кыска мөөнөттө ишкананын негизги каражаттары айыл өкмөттүн балансына өткөрүп берилсин, аны жоюу боюнча иштер толук аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Абдыманапов

**Жергетал айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 10 047,4 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-1100,0 миң сом), толуктоолор менен 10 685,7 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 10 627,0 миң сомду түзгөн, план 99,5% аткарылган, же пландалгандан 58,7 миң сомго аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-1 398,9 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 8 947,4 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 11 575,5 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 10 203,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 9 777,6 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 8 766,1 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-1100,0 миң сом), толуктоолор менен 11 277,3 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 11 916,4 миң сомду түзгөн, план 105,7% аткарылган, же 639,1 миң сомго көп аткарылган. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-1 271,2 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 666,1 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 11 448,4 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 10 661,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 10 663,0 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга негизсиз **520,5** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 76,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, подрядчы “Залкар Биримдик” ЖЧКсы тарабынан “Кырк-Казык айылындагы короо-жай участокторун сугаруу үчүн лоток каналдарынын курулушу” объекти боюнча **72,1** миң сомго аткарылган жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган:

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган подрядчы “Залкар Биримдик” ЖЧКсы тарабынан “Кырк-Казык айылындагы короо-жай участокторун сугаруу үчүн лоток каналдарынын курулушу” объекти боюнча **72,1** миң сомго аткарылган жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н. Туйтенов жана А. Мусуралиев

**Калба айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 9 338,0 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-242,0 миң сом), толуктоолор менен 9 697,5 миң сом өлчөмүндө такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 10 093,8 миң сомду түзгөн, план 104,1% аткарылган, же пландалгандан 396,3 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-2 905,1 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 9 096,0 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 12 310,5 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 10 659,0 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 7 612,4 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 8 731,3 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-990,0 миң сом), толуктоолор менен 11 634,6 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндөгү түшүүлөр 11 722,2 миң сом суммасында камсыздалган, план 100,8% аткарылган, же пландалгандан 87,6 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-2 262,1 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 741,3 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 12 905,1 миң сом өлчөмүндө такталган, кассалык чыгаша 12 338,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 10 632,0 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган кызматкерлер кабыл алынган, аларга **563,3** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 83,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү **49,5** миң сом жергиликтүү бюджеттин кирешесине түшкөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында котоpуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын аткарылышы камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 49,5 миң сом өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ш. Кенешов

**Кара-Суу айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 5 551,9 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-337,5 миң сом), толуктоолор менен 5 701,8 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 6 325,5 миң сомду түзгөн, план 111,0% аткарылган, же

пландалгандан 624,0 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-2259,2 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 5 214,4 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 7 489,2 миң сом өлчөмүндө такталган, кассалык чыгаша 6 139,0 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 5 099,4 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 4 664,6 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-495,0 миң сом), толуктоолор менен 8 671,5 миң сом өлчөмүндө такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 11 050,2 миң сомду түзгөн, план 127,4% аткарылган, же пландалгандан 2 378,7 миң сом көп түштү. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-2 446,7 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 4 169,6 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 10 533,1 миң сом өлчөмүндө такталган, кассалык чыгаша 6 748,0 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 6 716,5 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин "бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин", деп белгиленген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, бюджетке айылдык кенештин токтому менен 2022-жылдын 1-ноябрынан кийин бир жолу өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-бөлүгүндө белгиленген мөөнөттөр так сакталсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган кызматкер кабыл алынган, ага **166,0** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 24,4 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, подрядчы "Магнат интернешнл" ЖЧКсы тарабынан "Кара-Суу айылындагы отканаларды алмаштыруу жана отқананын жайына кошумча корпус куруу боюнча иштер" объектиси боюнча **62,0** миң сомго жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган подрядчы "Магнат интернешнл" ЖЧКсы тарабынан "Кара-Суу айылындагы отканаларды алмаштыруу жана отқананын жайына кошумча корпус куруу боюнча иштер" объектиси боюнча **62,0** миң сомго жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Мейматкулов Р. жана А. Мусуралиев

**Кууганды айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 6 833,4 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-702,0 миң сом), толуктоолор менен 6 779,5 миң сом өлчөмүндө такталган, иш жүзүндөгү түшүүлөр 6 721,6 миң сом суммасында камсыздалган, план 99,1%

аткарылган же пландалгандан 57,9 миң сом аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-368,3 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 6 131,4 миң сомго бекитилип, 6 718,6 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 9 320,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 6 402,5 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 5 868,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-702,0 миң сом), 8 444,7 миң сомго такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 8 658,2 миң сомду түзгөн, план 102,5% аткарылган, же пландалгандан 213,5 миң сом көп аткарылган. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-386,2 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 4 866,0 миң сомго бекитилип, 8 128,9 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 6 547,9 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 7 028,0 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, каржы-экономикалык бөлүмдүн башчысынын бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган кызматкер кабыл алынган, ага **184,1** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 27,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

Аудит жүргүзгөн тышкы адис Токтосунов К.

**Көк-Ой айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 16 280,3 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-2028,8 миң сом), толуктоолор менен 16 451,7 миң сом өлчөмүндө такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 16 383,8 миң сомду түзгөн, план 99,6% аткарылган, же пландалгандан 68,0 миң сом аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-2 724,7 миң сомду түзгөн.

2021-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгү 14 251,5 миң сомго бектилген, толуктооор менен 17 140,7 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 14 778,2 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 10 951,6 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 17 041,9 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-2028,8 миң сом), толуктоолор менен 22 797,3 миң сом өлчөмүндө такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 24 815,3 миң сомду түзгөн, план 108,9% аткарылган, же пландалгандан 2 018,0 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-3 347,2 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгү 15 013,1 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 22 943,6 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 17 212,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 13 914,8 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, жеке ишкер А. Анарбековдун 2022-жылдын 31-декабрына карата **32,7** миң сом суммасындагы дебитордук карызы бухгалтердик баланс боюнча көрсөтүлгөн эмес, же жашырылган.

**Сунуштама:**

Жеке ишкер А.Анарбековдун жашырылган 32,7 миң сом суммасындагы дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилсин жана аны өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Мындан ары, бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун тиешелүү эсептеринде дебитордук карыздарды толук көрсөтүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарынын сакталышы камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Абдуллаев Ш.

**Нуржанов айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 10 950,6 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-1090,0 миң сом), толуктоолор менен 11 325,1 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 11 029,1 миң сомду түзгөн, план 97,4% аткарылган, же пландалгандан 296,0 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы- 1 961,6 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 9 860,6 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 12 396,7 миң сом өлчөмүндө такталган, кассалык чыгаша 11 468,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 9 459,2 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 9 599,1 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-1600,0 миң сом), толуктоолор менен 15 171,0 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 15 561,5 миң сомду түзгөн, план 102,6% аткарылган, же пландалгандан 390,5 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы- 853,8 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 999,1 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 14 424,8 миң сом өлчөмүндө такталган, кассалык чыгаша 13 346,2 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 9 459,2 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-жылы АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдери 480,0 миң сомго түзүлгөн, ижарачылардын карызы жыл башында 37,1 миң сомду түзгөн, мында кирешелердин бул булагы боюнча түшүүлөрдүн 2021-жылга план-болжолу 354,3,0 миң сом суммасында бекитилген, же бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 163,0 миң сомго азайтуу менен түзүлгөн жана бекитилген.

2022-жылы АЧЖМФ жерлерин ижара келишимдери 548,0 миң сомго түзүлгөн, ижарачылардын карызы жыл башында 163,3 миң сомду түзгөн, мында кирешелердин бул булагы боюнча түшүүлөрдүн план-болжолу 2022-жылга 463,0 миң сом суммасында бекитилген, же бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 248,3 миң сомго азайтуу менен түзүлгөн жана бекитилген.

Аудит мезгилинде бюджеттин киреше бөлүгү бардыгы **411,6** миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, 2022-жылы айыл өкмөтүнүн аппаратына кадрлардын резервинде турбаган 1 кызматкер кабыл алынган, ага **116,5** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 17,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган: 2021-жылдын аягына карата -128,9 миң сом; 2022-жылдын аягына карата – 225,0 миң сом, бардыгы **353,9** миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Жолдошев Р.

**Өмүралиев айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 10 063,4 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-800,0 миң сом), толуктоолор менен 11 215,8 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндөгү түшүүлөр 11 991,8 миң сом суммасында камсыздалган, же план 106,9% аткарылган, пландалгандан 776,0 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы- 2 667,0 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 9 263,4 миң сомго бектилген, 12 282,7 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 10 410,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 11 991,8 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 11 113,0 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-936,0 миң сом), толутоолор менен 17 980,6 миң сом суммасында такталган, иш жузундө түшүүлөр 19 953,2 миң сомду түзгөн, же план 111,0% аткарылган, пландалгандан 1 972,6 миң сом көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 177,0 миң сомго бектилген, толутоолор менен 19 774,7 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 13 362,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 13 455,6 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган 1 кызматкер кабыл алынган, ага **181,5** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 49,4 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Өмүралиев айыл өкмөтү менен "ЖЖ" ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн 2021-жылдын 14-декабрындагы №50 келишиминин шарттарын бузуу менен, 2022-жылдын март айында айыл өкмөтү тарабынан аванс менен айылдагы бала бакчанын жылытуу системасын оңдоого **450,0** миң сом акча каражаты которулган. Мында, аудит учуруна подряддык уюм тарабынан иштер аткарылган эмес, ошондой эле, айыл өкмөтү тарабынан бул акча каражаттарын кайтаруу үчүн чаралар көрүлгөн эмес.

Мындан тышкары, айыл өкмөтү тарабынан 2021-жылы "Эрнурай Курулуш" ЖЧКсынын дарегине балдар бакчасынын тосмосун куруу үчүн аванс түрүндө 270,0 миң сом суммасында акча каражаты которулган, бирок подряддык уюм тарабынан иш аткарылган

эмес, ошол эле учурда, айыл өкмөтү тарабынан бул акча каражаттарын өндүрүү боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Подряддык уюмдардан: "ЖЖ" ЖЧКсы 450,0 миң сом суммасында; "Эрнурай Курулуш" ЖЧКсы 270,0 миң сом суммасында акча каражаттарын кайтаруу боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган:

- подрядчы "Толоев" ЖИ тарабынан "Темир бетон буюмдары заводунун имаратынын курулушу" объекти боюнча **182,4** миң сомго;
- подрядчы "СББС" ЖЧКсы тарабынан "Чат-Базар айылындагы Оторбаев атындагы орто мектептин полун капиталдык оңдоо" объекти боюнча **30,6** миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган жумуштардын жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- подрядчы "Толоев" ЖИ тарабынан "Темир бетон буюмдары заводунун имаратынын курулушу" объекти боюнча **182,4** миң сом;
- подрядчы "СББС" ЖЧКсы тарабынан "Чат-Базар айылындагы Оторбаев атындагы орто мектептин полун капиталдык оңдоо" объекти боюнча **30,6** миң сом.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Давлетбаев Б. Жана мамлекеттик инспектор А. Мусуралиев.

**Осмонкулов айыл өкмөтү**

2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 8 361,2 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-470,0 миң сом), толуктоолор менен 11 190,2 миң сом өлчөмүндө такталган, иш жүзүндөгү түшүүлөр 11 352,3 миң сом суммасында камсыздалган, план 101,5% аткарылган же пландалгандан 162,6 миң сомго аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы- 897,8 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 891,2 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 11 817,7 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 11 685,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 9 880,1 миң сомду түзгөн.

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 6 639,7 миң сомго бектилген (анын ичинен атайын эсептик каражаттар-470,0 миң сом), толуктоолор менен 11 914,4 миң сом суммасында такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 12 323,3 миң сомду түзгөн, план 103,4% аткарылган, же пландалгандан 408,9 миң сом көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы-281,8 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 6 169,7 миң сомго бектилген, толуктоолор менен 11 526,2 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгаша 11 213,9 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 10 540,5 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин "жергиликтүү бюджеттер республикалык бюджетти бекиткенден кийин бир айдан кечиктирилбеген мөөнөттө бекитет", деп каралган 102-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, 2021-жылга жергиликтүү бюджет 2021-жылдын 12-мартында гана бекитилген, ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдору" Мыйзамы менен бекитилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджеттерди бекитүү мөөнөттөрүн сактоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 102-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-жылы АЧЖМФ жерлеринин 127 ижарачысы менен 92,4 миң сомго ижара келишимдери түзүлгөн, мында кирешенин бул булагы боюнча 2021-жылга тakталган пландык көрсөткүч 55,0 миң сомду түзгөн, же бюджеттин киреше бөлүгү 37,4 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Ошондой эле, 2022-жылы АЧЖМФ жеринин 127 ижарачысы менен 92,4 миң сом суммасына келишим түзүлгөн, ижара акысы боюнча салык калдыгы 92,4 миң сомду түзгөн, бирок, кирешелердин бул булагы боюнча 2022-жылга такталган пландык көрсөткүч 55,0 миң сомду түзгөн, же бюджеттин киреше бөлүгү 129,8 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Аудит мезгилинде бюджеттин киреше бөлүгүн төмөндөтүү менен байланышкан жоготуулары бардыгы **167,2** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү **122,9** миң сом жергиликтүү бюджеттин кирешесине түшкөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын аткарылышы камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 122,9 миң сом өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Байбосунов С.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде төмөндө көрсөтүлгөн объекттердин бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы бардык олуттуу аспектилерде аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды:

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Талас финансы башкармалыгы, Талас районун Өнүктүрүү фонду (аудиттерди жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Д. Ыдырысов), "Ак-Булак" муниципалдык ишканасы (аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Р.Мейматкулов), "Жергетал Сервис" муниципалдык ишканасы (аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н. Туйтенов), "Каракол Сервис" муниципалдык ишканасы (аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков).

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн жетекчиси** **А.Б. Туркбаев**

Аткарган: мамлекеттик иснпектор Кенешов Ш. тел.+996 (312) 623518